| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| ОшМУнун Окуу-усулдук бирикмесинин | Ош мамлекеттик университетинин ректору, |
| Координациялык кеңешинин төрагасы, | профессор Т.К. Кожобеков |
| доцент Р.Н. Арапбаев ____________ | 2025-жылдын "05" июль |
| 2025-жылдын "05" июль | |

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

### АДИСТИК: 060108 – «Фармация»

**Квалификациясы: Фармацевт**

**Ош– 2025-жыл**

1

Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык бирикмесинин медициналык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин жыйынында, 2025-жылдын "14" май, №7 протоколу менен **060108 Фармация** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандарты каралды.

Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңеши тарабынан жактырылды. Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган 2025-жылдын "30" июнь, №9 протоколу. Ош мамлекеттик университетинин ректордун №3426 буйругу менен бекитилген.

**Билим берүү стандартына чет элдик төмөнкү эксперттерден бүтүмдөр алынган.**

1. Каратаева Сауле Таубаевна - ГКП на ПХВ "Высший медицинский колледж" Саламаттыкты сактоо уюму, Чымкент шаары, фармацевтикалык дисциплинасынын окутуучусу;

2. Володин Анатолий Владимирович - к.м.н, доцент, директор государственного автономного профессионального образовательного учреждения «Оренбургский областной медицинский колледж»,«Отличник здравоохранения Российской Федерации»;

3. Джансенгиров Серик Максимович - Казакстан республикасына караштуу Талды коргон жогорку медициналык колледжинин директору.

| МАЗМУНУ | Бети |
|---|---|
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 4 |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 5 |
| 3-БӨЛҮМ. Терминдер | 6 |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 7 |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жана эмгек сыйымдуулугу | 8 |
| 6-БӨЛҮМ. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар | 9 |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 11 |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар | 12 |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү програмасын ишке ашыруунун шарттарына талаптар | 16 |
| 10-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын базалык окуу планынын үлгүсү | 22 |
| 1-тиркеме. Орто кесиптик билим берүү боюнча базалык окуу пландарындагы жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү | 24 |
| 2-тиркеме. Орто кесиптик билим берүү боюнча базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу | 25 |
| 3-тиркеме. Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу | 26 |

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**060108 Фармация** адистиги боюнча даярдоонун билим берүү стандарты ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген.

**060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасынын билим берүү стандарты орто кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен ОшМУда иштелип чыгып, бекитилген.

ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарты (мындан ары – билим берүү стандарты) мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген болуп, орто кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана аларга билим берүүнүн биримдигин жана сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү талаптарды белгилейт.

Ушул билим берүү стандарты негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттары жана натыйжаларына карата талаптар Мамлекеттик орто кесиптик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарынан төмөн эмес.

**060108 Фармация адистигинин ББС төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:**

**Жумушчу топтун төрайымы:**

1. Омурзакова Нуржамал Магарипжановна – Фармация адистиги боюнча НКББП жетекчиси;

**Мүчөлөрү:**

**I. Медициналык колледждин курамынан:**

2. Коланов Орунбек - Фармацевтикалык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиянын төрагасы;
3. Карабаева Нуриля Давлеталыевна - Фармацевтикалык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиянын окутуучусу;
4. Жаанбаева Зулайка Нажимовна - Өзгөн эл таралык медициналык колледжинин окутуучусу, 060108 “Фармация” адистиги боюнча программа жетекчиси;
5. Раева Кыздаркан Төлөновна - Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу, Жалпы кесиптик дисциплиналар ПЦК төрайымы.

**II. Ата мекендик медициналык колледждерден:**

6. Тажидинов Дилфуза Захидиновна - Ош аймактык медициналык колледжинин окутуучусу;
7. Ташбаева Жылдыз Ашырбековна - Ош КӨУнин медициналык колледжинин фармацевтикалык дисциплиналар ПЦКнын окутуучусу;
8. Намазбекова Кундуз Мамбетахуновна - Бишкек медициналык колледжинин фармацевтикалык дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу;
9. Ходжанова Гульмира Климовна - Нарын медициналык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары;
10. Мурзакматова Матлюба Султаналиевна - Жалал-Абад медициналык колледжинин окутуучусу.

**III. Иш берүүчүлөр;**

11. Ахмедов Айбек Анарбаевич - Ош шардык №5-дарыкананын директору;
12. Полотов Алайбек Талайбекович - ОсОО “Неман” фарм өкүлү, менеджер;
13. Байтөрөева Анаргүл Дарманбековна - ОсОО “Медитек ЮГ”, менеджер;
14. Кеңешбек уулу Раатбек - ОсОО “Неман” фарм Жалал абад шаары, фармацевт;
15. Маметова Нурсулуу Курманбековна - жеке ишкер “Маметова”, № 759 дарыкананын бөлүм башчысы.

**4. Коомдук тармактардан:**

16. Рысбеков Нурдөөлөт Рысбекович - Түштүк регион боюнча провизор жана фармацевттер ассоциациясынын төрагасы;
17. Шаматова Салтанат Сонунбековна - “Аптека КЖ”, фармацевт;

18. Орозбаев Дөөлөтбек Эркинбаевич - Кыргыз республикасынын Саламаттыкты сактоо министирлигинин алдындагы “Кыргызфармация” мамлекеттик мекемесинин Баткен региону боюнча башкы адиси;
19. Токтобаев Оролбек Эркинбекович - Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы “Дары каражаттары жана медициналык буюмдар” департаментинин адиси;
20. Нуралиева Нурайым Исхандаровна - Балдар жугуштуу ооруканасына караштуу №308 дарыканасынын башчысы;

Ушул Билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик орто окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2024-жылдын 5-февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, 2024-жылдын 8-июлу №371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын Европалык системасына, квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга таянат, ОшМУнун Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык келет.

Бул билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобосу менен жөндөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС**- мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ББС** - билим берүү стандарты;
**ПЦК** – предметтик циклдык коммисия;
**КӨУ** – Кыргыз - Өзбек университети;
**ОсОО –** Общество с органиченной ответственностью ( жоопкерчилиги чектелген коом);
**ЖКББ -** жогорку кесиптик билим берүү;
**НКББП -** негизги кесиптик билим берүү программасы;
**ЖКК -** жалпы кесиптик компетенция
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**ЖК**-жалпы комптенциялар;
**ОН**-окутуунун натыйжалары;
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү;
**ОУБ -** окуу-усулдук бирикме;
**ОПК -** окутуучу-профессордук курамы
**ОСКС** - объективдүү структураланган клиникалык сынак
**ТК** - тандоо курсу;
***STEAM* көндүмдөр –** илим, заманбап технология, инженерия, искусство, математикалык көндүмдөрдү калыптапндыруу.

## 3-БӨЛҮМ. ТЕРМИНДЕР

Орто кесиптик билим берүүнүн аталган өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартында төмөндөгү термин жана аныктамалар колдонулат.

- **академиялык чынчылдык -** билим берүү программаларын өздөштүрүү жана билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, анын ичинде жазуу иштерин аткарууда (тесттер, курстук иштер, рефераттар, диссертациялар), өз позициясын билдирүүдө жана окуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерде жүрүм-турум стандарттарын белгилеген баалуулуктардын жана принциптердин жыйындысы;
- **академиялык эркиндик -** студенттердин, мугалимдердин чыгармачылык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү жана окутуунун инновациялык технологияларын жана методдорун колдонуу максатында тандоо дисциплиналары боюнча билим берүүнүн мазмунун, окутуунун кошумча түрлөрүн жана окуу-тарбия ишин уюштуруу боюнча аларга берилген ыйгарым укуктардын жыйындысы;
- ***базалык окуу планы***– багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген)), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- ***билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялар жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;
- ***билим берүүнүн онлайн формасы*** - реалдуу убакыт режиминде маалымат технологияларынын жардамы менен аралыктан (узактан) билим берүү;
- ***компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
- ***кредит*** - негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;
- ***негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү, окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
- ***окутуунун жыйынтыгы*** - негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;
- ***окутуунун кредиттик технологиясы***– кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;
- ***өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;
- ***семестрдик окуу планы*** - белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);
- ***студенттин жекече окуу планы*** (СЖОП) - студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;
- ***тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;
- ***тармактык билим берүү формасы*** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;

- ***учурдагы ченемдик-ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик- ички жоболор;
- иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу (самодисциплина), стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;
- ***STEAM көндүмдөр*** **–** илим**,** заманбап технология, инженерия, искусство, маалыматтарды
- колдонуу жана башкаруу.

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1. Билим берүү стандартында (мындан ары – билим берүү стандарты – ББС) орто кесиптик билим берүүнүн **060108 Фармация** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга коюлган талаптардын жыйындысы көрсөтүлөт.
4.2. ББС **060108 Фармация** адистигинин билим берүү программалары боюнча адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен аталган адистик боюнча **фармацевт** квалификациясы ыйгарылат.
4.3. **060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоодо билим берүү технологияларын ишке ашыруу үчүн өз алдынча иштелип чыккан орто кесиптик билим берүү стандарты НКББПнын курмындагы базалык окуу пландарын, окуу дисциплиналардын, практикалардын жумушчу программаларын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программаларын иштеп чыгууда негиз болуп берет.
4.4. ББСнын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:
- **060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоонун негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы, иш жүзүнө ашыруудагы жана окутуудагы уюштуруу-методикалык документтердин негизи болот. Ошондой эле орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык-экономикалык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо, жаңылоо жана жетишилген окутуунун натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү максатында билим берүү уюмунун окутуучу-профессордук курамы;
- **060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүдө окуу иш-аракеттерин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн билим берүү уюмунун студенттери;
- өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жооптуу болгон билим берүү уюмунун ректору жана проректорлору, билим берүү уюмунун окуу-усулдук бирикмеси жана анын тиешелүү тармактык комитеттери, факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, ПЦК башчылары жана башкалар;
- билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн окуу-жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда адистигин (квалификациясын) аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;
- университетти, анын ичинде орто кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;
- билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;
- билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;
- адистиктерди тандоо үчүн абитуриенттер.

## 5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ

5.1. Абитуриенттердин билиминин деңгээлине карата талаптар. Абитуриент тапшырууда төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүккө;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;
- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;
- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (негизги же жалпы орто билими тууралуу документи болсо).

5.2. Ушул билим берүү стандартына ылайык орто кесиптик билим берүү программасы күндүзгү окуу формасында ишке ашырылат.

5.3. **060108 Фармация** адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жекече окуу планына карабастан 180 кредиттик бирдикти түзөт.

5.4. Күндүзгү окуу үчүн билим берүүнүн нормалдуу окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн базасында ОКБ мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда:

- жалпы орто билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 ай;
- негизги жалпы билим берүүнүн базасында билим берүү программасын өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

5.5. Студенттин жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу процессин уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.

5.6. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт чегинде белгиленет.

5.7. Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. Орто кесиптик билим берүүнүн НКББПнын күндүзгү окуу формасына жылдык эмгек сыйымуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

5.8. Билим берүү уюму тиешелүү профилдеги орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга мурдагы билимдерин жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Мурунку өздөштүргөн айрым дисциплиналарды жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачеттоонун) жыйынтыгы менен аныктайт.

5.9. Билим берүү программасы онлайн формада колдонулган учурда практикалардын түрлөрүнө карабастан жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо онлайн формада өткөрүүгө (уюштурууга) жол берилбейт. Кырдаал пайда болгон гана учурда жол берилет.

5.10. Орто кесиптик билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүү программасын ишке ашырууда (11-класстардын программасын) жалпы орто билим жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, колледжде окутулган жалпы орто билим жөнүндө баалар орто кесиптик билим берүү жөнүндөгү документке (дипломго) жазылат.

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА ТАЛАПТАР

6.1. Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы адистик боюнча билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде иштелип чыгат.

6.2. Орто кесиптик билим берүүнүн **060108 “Фармация”** адистиги боюнча негизги билим берүү программасынын **максаты**:

- **окутуу жаатындагы:** бүтүрүүчүгө тандап алган тармагында ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугун шарттоочу жалпы жана кесиптик компентенцияларга ээ болуусун камсыздоочу гуманитардык, социалдык , экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негизинде даярдоо болуп саналат;
- **тарбиялоо жаатындагы:** студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын: максатка умтулуучулукту, уюмдашкандыкты, эмгекти сүйүүнү, жоопкерчиликти, атуулдук активдүүлүүктү, коммуникативдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруу, алардын жалпы маданиятын жогорулатуу болуп саналат.

6.3. Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
- иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4. Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- билим берүү жараянынын тарбиялык/окуудан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.

6.5. Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналарды (модулдардын) топтому жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары) өз алдынча аныктайт.
6.6. НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогу билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары) тарабынан аныкталат.
6.7. Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы, аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугун жана эмгек сыйымдуулугун “А”, “В” жана “С” топторуна бөлүштүрүү билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна жана ушул Макеттин тиркемелерине ылайык уюштурулат.
6.8. Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.
6.9. Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.
6.10. Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.
6.11. Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;
- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесибине тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;
- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;
- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;
- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 38 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн жумалык максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет;
- окутуунун күндүзгү формасында адисти даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 35%нан кем эмес;

- окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүп, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

## 7-БӨЛҮМ. 060108 ФАРМАЦИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**7.1. 060108 Фармация** багыты боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттарына** төмөнкүлөр кирет:

- **Фармацевтикалык ишмердүүлүк** – дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды кабыл алуу, сактоо, даярдоо, таңгактоо, маркалоо, реализациялоо, ошондой эле фармакотерапияны илимий негизде жүргүзүү боюнча иш-аракеттерди аткаруу;
- **Дары-дармек саясаты жана башкаруу** – дарыкана уюмдарынын жана фармацевтикалык мекемелердин ишмердүүлүгүн уюштуруу жана башкаруу, товардык саясатты жана логистикалык процесстерди жөнгө салуу;
- **Фармацевтикалык экспертиза жана контролдоо** - дары каражаттарынын жана медициналык товарлардын сапатына, коопсуздугуна жана эффективдүүлүгүнө баа берүү, мамлекеттик жана ички көзөмөлдү жүргүзүү;
- **Маркетинг жана экономикалык талдоо** – фармацевтикалык рынокту изилдөө, суроо-талапты анализдөө жана фармацевтикалык продукциянын кыймылын координациялоо;
- **Социалдык-дарылык ишмердүүлүк** – бейтаптарга консультация берүү, фармакотерапия боюнча сунуштарды берүү, дарыларды коопсуз жана туура колдонууга көмөктөшүү;

**7.2. 060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объекттери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**

- дары-дармек каражаттары;
- дары өсүмдүк сырьесу;
- көмөкчү материалдар;
- дарыкана шарттарында дары препараттарын даярдоо үчүн колдонулуучу жабдуулар;
- ички дарыканалык контроль жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу приборлор, аппаратуралар, химиялык реактивдер;
- жеткирүүчүлөр жана керектөөчүлөр;
- фармацевттик уюмдун өндүрүштүк, соода жана маалыматтык ишин ченемдик укуктук жактан камсыз кылуу;
- баштапкы эмгек жамааттары.

**7.3. 060108 Фармация** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү **фармацевт** квалификациясын ыйгаруу менен окуу тармагында даярдала турган **кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:**

- ***Уюштуруучулук;***
- ***Өндүрүштүк;***
- ***Аналитикалык;***
- ***Башкаруучулук;***
- ***Консультациялык-маалыматтык.***

**7.4. 060108 Фармация** адистиги боюнча **фармацевт** квалификациясы ыйгарылган адис кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү **кесиптик милдеттерди чечүүгө даяр**:

**Уюштуруучулук:**

- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды ченемдик документтердин талаптарына ылайык сактоону уюштуруу;
- баштапкы отчеттуулукту жүргүзүү;
- жеткирүүчүлөрдөн товарды кабыл алуу жана алардын баштапкы контролдоо;

- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды рецепт боюнча жана рецептсиз калкка берүү.

**Өндүрүштүк:**

- жеке рецепттер, саламаттык сактоо уюмдарынын талаптары боюнча жана дарыкана ичиндеги камдамалар түрүндө, анын ичинде асептикалык шарттарда дары формаларды даярдоо;
- идиштерди жана көмөкчү материалдарды стерилизациялоо;
- титрленген эритмелерди даярдоо;
- тазаланган сууну алуу;
- дары-дармек өсүмдүк сырьесун даярдоо жана фасовкалоо.

**Аналитикалык**

- дары препараттарынын сапатын контролдоону жүргүзүү;
- эритмелерди титрлөө;
- препаратта дары заттардын сандык курамын аныктоо;
- химиялык заттардын сапаттык курамын аныктоо;
- товардык материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын эсепке алууда талдоо жүргүзүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонуу.

**Башкаруучулук:**

- дарыкана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу;
- жогорку билимдүү фармацевт жок болгон учурда алыскы айыл жерлериндеги дарыкана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнө жетекчилик кылуу;
- дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүн контролдоо.

**Консультациялык-маалыматтык:**

- дарыканалар аркылуу сатылуучу товарлардын ассортименти жана керектөө касиеттери жөнүндө калкка жана медициналык кызматкерлерге маалымдоо;
- ченемдик документтерге ылайык дары-дармек каражаттарын кабыл алуу жана берүү жана аларды үй шартында сактоо эрежелери жөнүндө калкка консультация берүү;
- дары-дармек каражаттарынын мүмкүн болуучу кошумча таасирлери жөнүндө калкка маалымдоо;
- дарыгерге чейинки жардам маселелери боюнча консультация берүү.

## 8-БӨЛҮМ. 060108 ФАРМАЦИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

8.1. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө төмөнкү **жалпы компетенциялар (ЖК)** калыптанышы керек.

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | ЖК-1: Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт, өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт, изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | ОН-1: Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде B2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде B1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |

| | | |
|---|---|---|
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалулуктар** | ЖК-2: Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | ОН-2: Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | ЖК-3: Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат;<br>Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | ОН-3: Идеяларды жаратууга жана критикалык ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессионалдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкердик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, психологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |
| **STEM көндүмдөр** | ЖК-4: Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат; | ОН-4: Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

**8.2.060108 фармация** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүсү төмөндөгү **жалпы кесиптик компетенциялар (ЖКК) ээ болусу керек:**

| Жалпы кесиптик компетенциялар | |
|---|---|
| **ЖКК-1** | Латын тилиндеги граматиканын негиздерин фармацевтикалык терминдерди түзүү үчүн колдонот, латын тилиндеги рецепттерди которо алат. |
| **ЖКК-2**. | Маалыматтык - коммуникативдик технологияларды кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланат. |
| **ЖКК-3** | Өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык маанисин, маңызын |

| | |
|---|---|
| | түшүнүп, ага болгон кызыгуусун арттырат. |
| **ЖКК-4** | Кесипттик чөйрөсүндө өзүнүн келечектеги кесиптик жана жеке өнүгүүсүн, ишкер болууну пландай алат жана аны иш жүзүнө ашырат. |
| **ЖКК-5** | Негизги химиялык түшүнүктөрдү, закондорду, химиялык элементтердин жана алардын кошулмаларынын физико – химиялык касиеттерин анализдей алат. |
| **ЖКК-6** | Калкка жеке гигиенаны сактоо, сергек жашоо мүнөзүн түзүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. |
| **ЖКК-7** | Курчап турган айлана – чөйрөнү, ресурстарды сактоого көмөк көрсөтөт, өзгөчө кырдаалдарда эфективдүү аракет жасайт. |
| **ЖКК-8** | Өсүмдүк органдарынын морфологиялык, анатомиялык түзүлүштөрүн жана аларда жүрүп жаткан процесстерин, өсүмдуктөрдүн ар түрдүүлүгүнүн окуп үйрөнүүгө жөндөмдүү. |
| **ЖКК-9** | Турмуштук жана кесиптик максаттарга жетишүү, ден – соолугун чыңдоо үчүн спорт менен машыгат. |
| **ЖКК-10** | Сергек жашоо образын жүргүзүү, дене маданиятынын каражаттарын колдонот. |
| **ЖКК-11** | Паталогиялык процесстердин пайда болуусу, өрчүү натыйжасы жөнүндөгү закон ченемдүү билимдерди пайдаланат. |
| **ЖКК-12** | Инсандык жана кесиптик өнүгүүдө кесиптик маселелерди аткарууда зарыл болгон тастыкталган медицинанын негизинде изденет, интерпретациялайт жана маалыматты пайдалана алат. |
| **ЖКК-13** | Нормалдуу жана патологиялык абалдарда ар кандай курактагы адамдын жашоо активдүүлүгүнүн анатомиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн жана көрсөткүчтөрүн билет. |
| **ЖКК-14** | Микроорганизмдердин түзүлүшүн, генетиканын жана фармакологиянын негиздерин үйрөнүүгө жөндөмдүү. |
| **ЖКК-15** | Жетекчилик, кесиптештер, кардарлар менен эффективдүү баарлашат, топтордо иштей алат, топ мүчөлөрүнө иш аракеттерди үйрөтүүгө жөндөмдүү. |

**8.3. 060108** «Фармация» адистиги боюнча «Фармацевт» квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө төмөндөгүдөй **кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болушу керек:**

| **Уюштуруучулук чөйрөсүндөгү кесиптик компетенциялар** | |
|---|---|
| **КК-1** | Фармацевтикалык ишмердүүлүктө ченемдик документтерди колдоно билет. |
| **КК-2** | Санитардык гигиеналык режимди, эмгекти коргоо техникалык коопсуздукту жана өрт коопсуздугунун эрежесин сактайт. |
| **КК-3** | Рецепт менен жана рецептсиз дары дармектерди медицинада колдонулуучу буюмдарды жана башка дарыканалык товардык ассортименттерин калкка жана ден соолукту сактоо уюмдарына берет. |
| **КК-4** | Дарыкана уюмдарда маркетингдин жана мерчандайзингдин негиздерин колдоно билет. |
| **КК-5** | Жаратылышты коргоо, ресурстарды үнөмдүү пайдалануу жана сергек жашоо үчүн керектүү болгон билимдерин колдоно алат. |

| Өндүрүштүк чөйрөсүндөгү кесиптик компетенциялар | |
|---|---|
| **КК-6** | Рецепт менен дары (формаларын)түрлөрүн жана ден соолукту сактоо уюмдарынын талаптары менен жасап ички аптекалык жасоолорду даярдайт, дары дармектерди тангактайт жана аларды берет. |
| **КК-7** | Табият ресурстарын рацианалдуу колдонууну эске алуу менен нормативдик документтин негизинде дары өсүмдүк чийки заттарын пайдалануу жолдорун билет, даярдоону уюштурат. |
| **КК-8** | Приборлорду аппараттарды кичинекей механикалык буюмдарды, аптека идиштерин жууп тазалай алат, стерилдейт, мыкты колдонот. |
| **КК-9** | Кыргызстандын дары өсүмдүктөрүн билет, дарылык топтомдорду жасай алат. |

| Аналитикалык чөйрөсүндөгү кесиптик компетенциялар | |
|---|---|
| **КК-10** | Рецептин туура жазылгандыгын курамындагы ингридиенттердин дал келүүсүн, жазылган өлчөмдүн бейтаптын жашына дал келүүсүн, колдонуу өзгөчөлүгүн, рецептеги өлчөмдөрдүн жогорку көрсөтүлүшүн аныктоо жөндөмү. |
| **КК-11** | Дары каражаттарынын ички дарыкана текшерүүнүн милдеттүү түрлөрүн жана колдонуу мөөнөтүн көзөмөлдөөнү билүү. |
| **КК-12** | Дарыкана товар ассортименттеринин кыймыл процессин анализдеп жана биринчи учет отчеттук документтерин түзөт. |
| **КК-13** | Дарылык каражаттардын сапатына жана өздүгүнө көзөмөлдүк кылууда экспресс-анализдөөнүн усулдарына ээ. |

| Башкаруучулук чөйрөсүндөгү кесиптик компетенциялар | |
|---|---|
| **КК-14** | Дарыкана уюмдардын структуралык бөлүмдөрүнүн жумушун уюштурат жана алыскы айыл жерлеринде жогорку билимдүү фармацевтин жок кезинде башкарат. |
| **КК-15** | Нормативдик документтин талабына шайкеш дарыкана товарларынын ассортименттерин дары өсүмдүк чийки заттарын, дары каражаттарын сактоону кабыл алууну уюштурат. |

| Консультациялык-маалыматтык чөйрөсүндөгү кесиптик компетенциялар | |
|---|---|
| **КК-16** | Дарыкана товар ассортименттерин калкка жана ден соолук сактоо уюмдарынын кызматкерлерине билдирет. |
| **КК-17** | Биринчи медициналык жардамды көрсөтөт. |

## 9-БӨЛҮМ. 060108 ФАРМАЦИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ТАЛАПТАР

**9.1. Билим берүү программасын ишке ашырууда кадрларга талаптар**

9.1.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары:

- билим берүү программасын даярдоонун НКББПсын ишке ашыруу, базалык билими жана бакалавр, магистр адистен төмөн эмес болуп улантылган, окутулуучу сабактын профилине ылайык келген жана системалуу түрдө окуу (илимий)-методикалык ишмердүүлүк менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек;
- билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 75%дан кем болбошу керек.

**9.1.2. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптары:**

- билим берүү программасын ишке ашырган окутуучулардын 25% дан кем эмес бөлүгү өндүрүштөн жана/же тиешелүү бизнес секторлордон болушу шарт;
- билим берүү программасын ишке ашырууда ата мекендик жана/же чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалуу окутуучулардан (онлайн же офлайн окуу формасын колдонуу менен) окуу жыл ичинде кеминде бир жолу конок лекцияларга тартуу;
- кесиптик циклдын окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык өндүрүштө тажрыйбасы бар кызматкерлер эске алынат;
- билим берүү программасын ишке ашыруучу профессордук-окутуучулук курам 5 жылда бир жолу тиешелүү тармакта өзүнүн кесиптик квалификациясын жана педагогикалык квалификациясын жогорулатууга тийиш;
- кесипттик дисциплиналарды окутууда теориялык билимдерди берүү үчүн 5 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар окутуучуларды тандоо талапка ылайык.

**9.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар**

9.2.1. Адабияттар фондуна талаптар:

- **060108 Фармация** адистигинин билим берүү программасын ишке ашырууда ар бир билим алуучунун маалымат базаларына жана билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеги боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорго жетүүсү менен камсыз кылынууга тийиш;
- Ар бир дисциплина үчүн милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын тизмеги лицензиялык талаптарга ылайык: гуманитардык-экономикалык дисциплиналар үчүн акыркы 5 жыл ичинде чыккан, табигый-техникалык багыттагы адистиктердеги атайын жана жалпы билим берүүчү дисциплиналар үчүн акыркы 10 жыл ичинде чыккан жылы сунушталууга тийиш. Андан сырткары 10 жыл мурун чыккан адабияттардагы өзгөрүлбөгөн маалыматтарды пайдаланууга болот;
- милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек (лицензиялык талаптарга ылайык болуусу);
- билим алуучулардын билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болушу лицензиялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек;
- билим берүү процессинде ченемдик-укуктук актылар, локалдык актылар, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылууга тийиш.

9.2.2. **Электрондук окуулуктарга талаптар:**

- окуу планындагы ар бир дисциплина (модуль) боюнча милдетүү жана кошумча окуу китептеринин электрондук китепканада камсыз кылынууга тийиш;
- электрондук-китепкана система ар бир билим алуучуга электрондук окуулуктарды колдонуу үчүн интернет желеси жана окуу жайдын санариптик платформалары

жекиликтүү болуусу керек (компьютердик кааналар, методикалык кааналарда орундуктар жетиштүү болууга тийиш;

- ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор жана уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик тармагында эл аралык келишимдердин талаптарын сактоо менен ишке ашырылышы керек;
- окуп жаткандар үчүн заманбап кесиптик маалымат базаларына, маалымат, сурап-билүү жана издөө системаларына жеткиликтүү болууга тийиш.

**9.2.3.** Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) электрондук формаларынын окуу жайдын тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:

Ар бир окуу дисциплинасынын окуу-усулдук материалдары (комплекстердин) (силлабус, баалоо каражаттары ж.б.) окуу процесси башталганга чейин окуу жайдын санариптик (электрондук) платформасына жайгаштырылууга тийиш.

**9.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар**

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек.

Адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу студенттин лабораториялык жана практикалык иштерди, анын ичинде персоналдык компьютерлерди колдонуу менен практикалык тапшырмаларды милдеттүү компонент катары аткарууну камсыз кылышы керек. 1 студент үчүн пайдалуу аянт $3м^2$ кем эмес болушу керек.

**9.3.1.** Атайын кабинеттер (лабораториялык, лингофондук, компьютердик, виртуалдык, мультимедиалык ж.б.).

Кабинеттер:

1. Кыргыз / орус тили (плакаттар жана такталар).
2. Социалдык-экономикалык дисциплиналар (плакаттар жана стенддер).
3. Психология (плакаттар жана стенддер, көрсөтмө куралдар).
4. Чет тили (плакаттар жана стенддер).
5. Фармациядагы ишкердүүлүк жана менеджмент (Плакаттар жана стенддер).
6. Кесиптик математика (плакаттар жана стенддер).
7. Информатика (плакаттар жана стенддер, Компьютерлер).
8. Адамдын анатомиясы жана физиологиясы (плакаттар жана стенддер, адамдын скелети анын курамдык бөлүктөрү, муляждар, элестер).
9. Микробиология (көрсөтмө куралдар, микроскоп, Петри табагы, суюк жана катуу чөйрө, шорпо, атайын). эритмелер, лабораториялык идиштер).
10. Биология жана медициналык генетика (плакаттар жана стенддер, микроскоп).
11. Фармациянын уюштуруу жана экономикасы (плакаттар жана стенддер, маалымдама адабияттар жана ченемдик документтер, компьютерлер, касса аппараттары).
12. Фармакология (интерактивдүү доска, плакаттар, топтор боюнча дары препараттары).
13. Спорттук-ден соолукту чыңдоо комплекси.
14. Баштапкы аскердик медициналык даярдыктан жана катастрофалык медицинадан (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмө куралдар, медициналык бинттер, шиналар, оорулууларды карoo предметтери, гемостатикалык турникеттер).
15. Интерактивдүү доска, проектор.

**Лабораториялар:**

1. Органикалык эмес химия (соруучу шкаф, химиялык реактивдер, лабораториялык идиштер, плакаттар, стенддер, мезгилдик таблица).
2. Органикалык химия (химиялык реагенттер, плакаттар, стенддер, Мезгилдик таблица)
3. Аналитикалык химия (химиялык реактивдер, анализ жүргүзүү үчүн лабораториялык идиштер, плакаттар, стенддер, маалымдама адабияттар).

4. Фармацевтикалык химия (химиялык реактивдер, анализ жүргүзүү үчүн лабораториялык жабдуулар, плакаттар, стенддер, Мезгилдик таблица).
5. Фармацевтикалык технологиялар (дары заттар, бюреткалык түзүлүш, лабораториялык жана дарыкана идиш-аяктары, ар кандай балансторы бар таразалар, дары заттарды сактоо үчүн шкаф, фармацевтикалык стол, реактивдер, таралык таразалар, дарыкана тумбалары, стенддер, плакаттар, маалымдама адабияттар).
6. Ботаника жана фармакогнозиялар (стенддер, плакаттар, маалымдама адабияттар, дары өсүмдүк сырьесунун үлгүлөрү, микроскоптор, лабораториялык идиштер).
7. Компьютердик класс.

**26. Спорттук комплекс:**

- спорт зал;
- кеңири профилдеги ачык стадион.

**27. Залдар:**

- китепкана,  электрондук китепкана;
- интернет желесине кирүү мүмкүнчүлүгү бар окуу залы;
- электрондук китепкана;
- салтанаттуу чогулуш өткөрчү зал;
- медпункт 1;
- ашкана.

**9.3.2. Өндүрүштүк базада окутуунун шарттары (өндүрүштө окутуу):**

Билим берүү уюму милдеттүү түрдө практикалык окутуу, кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө максатында ишканалардын базасында билим алуучунун жалпы жана кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү алуусуна багытталган жумуш ордунда окутууну камсыздап берүүсү керек. Бул максатта жумуш ордунда окутуу бир айда бир жолу фармацевтикалык жана медициналык  мекемелерде өткөрүүлүсү шарт.

НКББПнын тиешелүү кесиптик дисциплиналары боюнча ишканада же уюмда өткөрүлүүчү өндүрүштө окутууну камтыган программаларын иштеп чыгууга жана бекитүүгө тийиш.

**9.4. Билимдердин сапатын баалоого талаптар**

**9.4.1. Текшерүүнүн түрлөрү:**

Билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтууга тийиш.

Билим алуучуларды учурдагы аттестациялоо билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген) баалоо системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Билим алуучуларды орто аралык аттестациялоо ар бир семестрде жүргүзүлөт жана бардык дисциплиналар/модулдар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары билим берүү уюмунун локалдык актыларына ылайык уюштурууга тийиш.

**9.4.2. Баалоо каражаттар фонду жана баалоонун критерийлери:**

Билим алуучулардын жеке жетишкендиктеринин билим берүү программасынын этаптуу же акыркы талаптарына ылайык келүүсүнө учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү практикалык тапшырмаларды камтыган баалоо каражаттарынын базалары жана критерийлери  иштелип чыгууга  тийиш.

Ар бир дисциплина үчүн текшерүүнүн түрлөрүнө ылайык, баалоо каражаттары жана баалоонун критерийлери окуу процесси башталганга чейин иштелип чыгат жана билим алуучуларга жеткиликтүү болуу үчүн окуу жайдын сайтына жайгаштырылууга тийиш.

**9.5. Практиканы уюштурууга коюлган талаптар.**

**9.5.1. Практика жөнүндө жалпы жоболор:**

Билим берүү программаларын окутууда билим алуучулар үчүн өткөрүлүүчү практикалар, адисти даярдоодогу  кесиптик компетенцияларды калыптандыруучу окуу процессинин формасы катары каралат. Ар бир билим алуучу билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн практиканын түрлөрүн өтүүгө (аткарууга) милдетүү.

Билим берүү уюму өндүрүштүк практиканы кесиптик билим берүүнүн багытына жана адистигине жараша өндүрүштүк мекеме уюмдарда өткөрүлүүсүн камсыздоого тийиш.

**9.5.2. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программасына даярдоодо практиканын төмөнкү түрлөрү өткөрүлөт:**

- **Окуу-өндүрүштүк талаа практикасы**
  - «Ботаника боюнча биринчилик кесиптик көндүмдөрдү (гербарийлөө) алуу боюнча окуу-өндүрүштүк талаа практикасы».
- **Окуу -өндүрүштүк практика**
  - «Фармацевтикалык технология боюнча биринчилик кесипттик көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча окуу – өндүрүштүк практикасы»;
  - « Фармацевтикалык технология жана фармакогнозия боюнча окуу – өндүрүштүк практикасы»;
  - «Адистиктин профили боюнча фармацевтикалык технологиядан окуу – өндүрүштүк практикасы».
- **Квалификация ыйгаруу алдындагы практика** (адис катары )

**9.5.3. Практиканын түрлөрүнө талаптар**

Колледждеги практикалардын негизги түрлөрүнүн багыттары, адистиктердин окуу пландарына ылайык аныкталат. Алардын негизгилери болуп окуу өндүрүштүк, квалификация ыйгаруу алдындагы практика эсептелинет.

**Окуу-өндүрүштүк практикалары** теориялык билиминин негизинде алгачкы кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу иш тажрыйбага ээ болуу үчүн фармацевтикалык мекемелерде, дары кампаларында, өткөрүлүүсү керек.

**Окуу-өндүрүштүк талаа практикасы**:

Ботаника боюнча биринчилик кесиптик көндүмдөрдү (гербарийлөө) алуу боюнча практика

Бул практика студенттердин өсүмдүк органдарынын морфологиялык, анатомиялык түзүлүшү, аларда жүрүп жаткан физиологиялык процесстер жана өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгү, ошондой эле дары-дармек өсүмдүктөрү, алардын органдарынан гербарийлерди жасоо ыкмалары жөнүндөгү билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырат, өсүмдүктөр чөйрөсүн коргоого, аларды сарамжалдуу пайдаланууга тарбиялайт. Талаа практикасы коруктарга, ботаникалык бактарга барып өткөрүлөт.

**Окуу -өндүрүштүк практика:**

*Фармацевтикалык технология боюнча биринчилик кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча окуу-өндүрүштүк практика.*

1. Студенттер окуу процессинде алган теориялык билимдерин бекемдеп жана тереңдетишип, кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрү боюнча жалпы жана кесиптик компетенцияларды калыптандырышат;
2. Фармацевтикалык мекемелердин өндүрүштүк структураларын окуп үйрөнүшөт.

*Фармацевтикалык технологиялар жана фармакогнозия боюнча окуу-өндүрүштүк практика*: Студенттерде окуу процессинде алган теориялык билимдерин бекемдөө жана тереңдетүү. Бул практика студенттерде биринчилик практикалык тажрыйбаларын өркүндөтүүгө, аларда жалпы жана кесиптик компетенциялардын калыптануусун жогорулатууга, өз алдынча эмгек ишмердүүлүгүнө даяр экендигин аныктоого багытталган. Ошондой эле дары өсүмдүктүк чийки затты жыйноо, кургатуу, сактоо жана нормативдик документациялар менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

*Адистиктин профили боюнча фармацевтикалык технологиядан окуу-өндүрүштүк практика:*

Дары препараттарын дарыкананын шарттарында даярдоо боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болуу жана аларды өркүндөтүү;

Студенттерди өз алдынча эмгек кылуу ишмердүүлүгүнө даярдоо;
фармацевтикалык мекеме уюмдарында өткөрүлүүсү керек. Студенттердин кесиптик көндүмдөрү калыптанат.

**Квалификация ыйгаруу алдындагы практика** окутуунун жыйынтыктоочу этабы болуп эсептелинет жана ал студенттер тарабынан окутуунун теориялык, практикалык программасын толук өздөштүрүлгөндөн кийин адистигине жараша фармацевтикалык мекеме уюмдарында өткөрүлөт. Студенттердин окуу процессинде алган теориялык билимдерин кеңейтип бекемдөө, аларга алган билимдерин дарыканалык өндүрүштүн шарттарында колдонууда практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу. Студенттерде кесипке даярдоонун сапатын арттыруу, адистин инсан катары кесиптик жана атуулдук сапаттарын калыптандыруу, ошондой эле студенттерди эмгектик жана өндүрүштүк тартипке, эмгекке астейдил мамиле кылууга, жамаатта иштөөгө тарбиялоо.

Студенттер Ош шаарынын медициналык мекемелеринде, шаардык дарыканаларда жана райондордун дарыканаларында өндүрүштүк практикаларын өткөрүшөт.

Билим берүү мекемеси практиканын жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтерди берүүгө милдеттүү.

**9.6. Жыйынтыктоочу аттестация.**

**Комплекстик жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка талаптар жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер:**

Билим алуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо толук окуу курсун аяктагандан кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Мамлекеттик аттестациялык сынактардын түрлөрү жана аны уюштуруу тартиби бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жүргүзүүнү жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана билим берүү уюмунун ченемдик-укуктук актыларына ылайык билим берүү уюму тарабынан аныкталышы керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында каралган окутуунун толук курсун аяктаган бүтүрүүчүгө уруксат берилүүгө тийиш.

**9.6.1.** Комплекстүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга талаптар жана академиялык жүктөмдү бөлүштүрүүнүн негиздемеси (кредиттердин саны):

Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо бул адистик боюнча бүтүрүүчүнүн даярдоонун минималдуу мазмунуна жана деңгээлине карата мамлекеттик талаптардын негизинде теориялык жана практикалык кесиптик даярдыгын баалоону караган адистик боюнча комплекстүү мамлекеттик дисциплиналар аралык экзамен түрүндө өткөрүлүүгө тийиш.

Акыркы мамлекеттик аттестация эки этаптан турушу керек:

• I этап – тестирлөө;

• II этап – объективдүү структураланган клиникалык сынак.
;.

Комплекстүү жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен студенттин билимин, теориялык жана практикалык көндүмдөрүн, клиникалык иш тажрыйбасын баалайт, ошондой эле тесттерге, практикалык көндүмдөрдү жана кырдаалдык тапшырмаларга даярдануу үчүн окуу жүктөмүнүн 3 кредитинен кем эмес болушу керек.

Жыйынтыктоочу баа мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын 2 этабынын орточо жыйынтыгы боюнча коюлушу керек.

## 10-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БАЗАЛЫК ОКУУ ПЛАНЫНЫН <u>ҮЛГҮСҮ</u>

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Саатардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | | 4-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "А" | "В" | "С" | Баары | Аудит. | СӨИ | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр | 7-семестр | 8-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (12 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргызский язык | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | Русский язык | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | Немецкий | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Каталог дисциплин № | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | Каталог дисциплин № | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | | 180 кредиттен кем эмес | | | | | | | | | | | | | |

***Эскертүү:*** *Базалык окуу планы ушул үлгүгө ылайык 1-3-тиркемелерди колдонуу менен иштелип чыгат.*

Окуу планынын биринчи блогу 3 циклден турат, алар: жалпы билим берүү цикли, жалпы кесиптик билим берүү цикли жана кесиптик билим берүү цикли.

Жалпы билим берүү цикли “Тилдик жана коммуникативди көндүмдөр”, “Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар”, “Soft skills көндүмдөр (жумшак көндүмдөр)”, “STEM көндүмдөр” аталышындагы багыттарга (дисциплиналардын каталогу) бөлүнгөн. Ар бир багытка 3төн кем эмес дисциплина сунушталат жана дисциплиналардын каталогун билим берүү уюму аныктайт. Билим алуучулар багыттарга сунушталган дисциплиналарды өз алдынча тандай алат.

Базалык окуу планынын бардык циклдеги окуу дисциплиналары милдеттүүлүк даражасы жана мазмунун өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча «А», «В», «С» топторуна бөлүнөт:

«А» – дисциплиналардын ырааттуулугу сакталган, базалык окуу планда көрсөтүлгөн семестрде жана окууга милдетүү болгон дисциплиналар.

«В» – дисциплиналардын ырааттуулугу мааниге ээ эмес, милдетүү окууга тийиш. Билим алуучулар бул топтогу дисциплиналарды көрсөтүлгөн окуу жылдарга өз алдынча каалаган семестрлерде пландаштырып окуйт.

«С» – тобундагы дисциплиналарды каталогдон студент өз каалосу менен тандай алат. Бул топтогу дисциплиналардын семестрлери окуу планында так көрсөтүлүүгө тийиш. «С» тобуна дисциплиналардын каталогу сунушталат жана билим алуучулар ар бир каталогдон бир дисциплинаны гана тандай алат. Бир каталогтогу дисциплиналар тектеш болууга тийиш.

«С» тобу билим алуучулар базалык окуу планынын «А» тобундагы дисциплиналарды тереңдетүүгө, эмгек рыногунун талаптарына жана илимдин-техниканын жетишкендиктер эске алуу менен бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берет.

«С» – тобундагы дисциплиналар эмгек рыногунун талаптарына жана илимдин-техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен ар бир окуу жылында жаңыланып туруусу мүмкүн.

**1-тиркеме**

**Орто кесиптик медициналык билим берүү боюнча базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү**

<table>
<tr><th colspan="3">Билим берүү программасынын структурасы</th><th colspan="3">Билим берүү программасынын блокторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит)</th></tr>
<tr><td rowspan="8">1-блок</td><td colspan="2" rowspan="2">Дисциплиналар</td><td>«А»</td><td>«В»</td><td>«С»</td></tr>
<tr><td colspan="3">104-158 кредит</td></tr>
<tr><td rowspan="4">Циклы</td><td>Жалпы билим берүү дисциплиналар</td><td></td><td>12 кредит</td><td></td></tr>
<tr><td>Кесиптик цикл</td><td colspan="3">92-146 кредит</td></tr>
<tr><td>Жалпы кесиптик дисциплиналар</td><td>15%-25%</td><td>6%-10%</td><td></td></tr>
<tr><td>Кесиптик дисциплиналар</td><td>50%-60%</td><td>20%-25%</td><td>20%-25%</td></tr>
<tr><td colspan="2">Дене тарбия</td><td>72-120 саат</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="3"></td></tr>
<tr><td>2-блок</td><td colspan="2">Практика</td><td colspan="3">20-70 кредит</td></tr>
<tr><td>3-блок</td><td colspan="2">Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация</td><td colspan="3">2-4 кредит</td></tr>
<tr><td colspan="3">Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу</td><td colspan="3">180 кредиттен кем эмес</td></tr>
</table>

**2-тиркеме**

## Орто кесиптик медициналык билим берүү боюнча базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Саттардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "А" | "В" | "С" | Баары | Аудит. | СӨИ | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (12 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2- блок | Практикалар (20-70 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (2-6 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | | | | | | | | 180 кредиттен кем эмес | | | | | |

**3-тиркеме**

**Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу**

***Эскертүү***: *Жалпы билим берүү циклинин “дисциплиналар каталогундагы” дисциплинлар студент тарабынан тандалат*.

| **Каталогдун номери** | **Каталогдун багыты** | **Каталогдогу дисциплиналардын аталыштары** | **Кредиттин көлөмү** |
|---|---|---|---|
| Дисциплиналардын 1-каталогу | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр (чет тилдер) | Англис тили | 4 |
| | | Кыргыз тили | |
| | | Орус тили | |
| | | Немец тили | |
| Дисциплиналардын 2-каталогу | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар багыты өрү | Ата-мекен тарыхы, улуттук баалуулуктар жана маданият | 4 |
| | | Адеп жана ыйман | |
| | | Кесиптик чөйрөдөгү экологиялык коопсуздук | |
| | | Манас таануу... | |
| Дисциплиналардын 3-каталогу | Soft skills көндүмдөр | Долбоордук практикум | |
| | | Критикалык жана дизайндык ой жүгүртүү | |
| | | Медициналык психологиянын негиздери жана кесибке киришүү | |
| | | | |
| Дисциплиналардын 4-каталогу | STEM көндүмдөр | Тармактык математика | 4 |
| | | Кесиптик ишмердиктеги санарип технологиялары | |
| | | | |
| | | | |

Фармация (060108) - фармацевт багыты боюнча Ош Мамлекеттик Университетинде билим берүү стандартын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун курамы:

| № | Аты-жөнү | Жумуш орду, иштеген кызматы | колу |
|---|---|---|---|
| 1. | Омурзакова Нуржамал Магрипжановна | Жумушчу топтун төрайымы, Фармация адистиги боюнча НКББН жетекчиси. | |
| | | *Колледждин курамынан:* | |
| 2. | Келдиев Орунбек | Фармацевтикалык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиянын төрагасы. | |
| 3. | Карабаева Нурила Давлеталиевна | Фармацевтикалык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиянын окутуучусу. | |
| 4. | Жаанбаева Зулайка Нажимовна | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу. Фармация (060108) адистиги боюнча программа жетекчиси. | |
| 5. | Раева Кыздаркан Толоновна | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу, ЖКД ПЦК төрайымы. | |
| | | *Ата мекендик медициналык колледжлерден:* | |
| 6. | Тажидинова Дилафуза Захидиновна | Ош аймактык медициналык колледжинин окутуучусу. | |
| 7. | Ташбаева Жылдыз Ашырбековна | ОШ КӨУнин медициналык колледжин фармацевтикалык дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу. | |
| 8. | Намазбекова Кундуз Мамбетахуновна | Бишкек медициналык колледжин фармацевтикалык дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу. | |
| 9. | Коджаева Гульмира Климовна | Нарын медициналык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары. | |
| 10. | Мурзаматова Матлюба Султаналиевна | Жалал-Абад медициналык колледжи, фармация адистигинин окутуучусу. | |
| | | Иш берүүчүлөр: | |
| 11. | Ахмедов Айбек Анарбаевич | Ош шаардык №5 даарыкананын директору. | |
| 12. | Полотов Айлайбек Талайбекович | "Неман" фарм менеджер. | |
| 13. | Байтөреева Анаргул Дарманбековна | ОсОО "Медитек ЮГ" менеджер. | |
| 14. | Кенешбек у Раатбек | ОсОО "Неман" Жалал- Абад. | |
| 15. | Маметова Нурсулуу Курманбековна | ИП "Маметова" фирмасынын директору | |
| | | *Коомдук тармактардан* | |
| 16. | Рысбеков Нурдөөлөт Рысбекович | Түштүк региону боюнча провизор жана фпрмацевтер ассоциациясынын төрагасы. | |
| 17 | Шаматова Салтанат Сонунбековна | Аптека КЖ. | |
| 18. | Орозбаев Доолотбек Эркинбаевич | ГП "Кыргызфармация" при МЗ КР башкы адис | |
| 19. | Токтобаев Оролбек Эркинбекович | Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы "Дары каражаттары жана медициналык буюмдар" департаментинин адиси. | |
| 20. | Нуралиева Нурайым Искандаровна | Балдар жугуштуу ооруканасына караштуу №308 дарыканасынын башчысы | |

Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner